# «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин окутуу

**М.К. Иманкулов**

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт / Не использовать в коммерческих целях.*

# Кыргыз Республикасынын Президентинин

- 2022-ж. 8-июнунда Жарлыгы менен диний толеранттуулукту калыптандыруу үчүн жалпы орто билим берүү боюнча окуу планына, «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин киргизилди.

# Кыргыз Республикасы светтик мамлекет

- ал жарандардын дин тутуу жана ишеним эркиндигине болгон укуктарын коргойт,
- диний уюмдарга карата бейтараптуулукту сактайт,
- диний чөйрөдөгү процесстерди укуктук жөнгө салат жана коомдук коопсуздукту камсыз кылат.

# Билим берүүнүн светтик мүнөзү

- Билим берүү процессин жүргүзгөн билим берүү уюму диний жактан бейтарап болуп саналат,
- динге тигил же бул мамилени калыптандыруу максатын көздөбөйт.
- Дин жөнүндө сүйлөшүү бейтарап, объективдүү жана тең салмактуу болууга тийиш.

## «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинен

- алынган билимдер элдердин жана диндердин ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү калыптандырууга чоң салым кошо алат.

# «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети:

- 7-9-класстарда өз алдынча предмет катары окутулууда,
- жумасына 1 саат, жылына 34 саат.

# Предметтин негизги максаты

- диндердин пайда болуу, өнүгүү тарыхы жөнүндө *билимдерди* калыптандыруу;
- диндин адамдын жана коомдун жашоосундагы маанисин *түшүнүү*;
- конфессиялар аралык диалогду куруу жана руханий жактан өзүн-өзү өнүктүрүү *жөндөмдүүлүгү*;
- радикалдашууга жана диний кагылышууларга каршы турууга *даяр болуусу*.

# «Диндердин өнүгүү тарыхы» боюнча

- предметтик стандартта үч мазмундук тилке белгиленген, алар төмөндөгүлөр:
- руханий, адеп-ахлактык баалуулуктар;
- диндердин тарыхый мейкиндиги;
- диний негиздерди таанып-билүү.

# «Диндердин өнүгүү тарыхы» боюнча

- 4 предметтик компетенттүүлүк:
- диндерди таанып-билүүчүлүк;
- жарандык;
- Көп маданияттуу компетенттүүлүк;
- руханий-адептик.

# «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети:

- окуучулардын адамзаттын байыркы доордон тартып биздин күндөргө чейинки диндердин тарыхынын жалпылыгын, бирдиктүүлүгүн цивилизациялык өңүттө түшүнүүсүн калыптандырат.

# Мугалим билимди гана эмес,

- ар бир диндин бай тарыхы, маданий мурасы тууралуу маалымат берип, алар урматтоого татыктуу деген ойго жеткире билүүсү маанилүү.


# «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети:

- дин тарыхындагы кубулуштарды жана фактыларды баалоосуз жана мүнөздөмөсүз маалыматтык формада кароого багытталган

# «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети

- көңүл борборун жалпы (бардыгын бириктирүүчү) кызыкчылыктарга топтоштурат.
- диндерге кайрылуу өлкөнү мекендеген этностордун моралдык-этикалык нормаларынын айырмасын гана эмес, жалпылыгын да көрсөтөт.

# ЧОҢ ЫРАКМАТ!



*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /*
*Не использовать в коммерческих целях.*